**Ош мамлекеттик университетинин студенттеринин өндүрүштүк жана квалификациялык практикадан өткөрүү боюнча**

# К Е Л И Ш И М

Ош шаары "5" апрель 2018 ж.

Биз, төмөндөгү кол коюучулар, Ош Мамлекеттик университетинин ректору, профессор К.А.Исаков, мындан ары "ОшМУ", жана Ош МУнун эл аралык байланыштар бөлүмү жетекчиси Амирамиев Семетей Манасович

Мындан ары "Ишкана", Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 05.08.2008-ж. № 425 токтомуна ылайык "Окуу-таанышуу, өндүрүштүк жана квалификациялык практикалар жөнүндө" жобосунун негизинде ОшМУда практикаларды уюштуруу жана өткөрүү боюнча талаптарга ылайык төмөндөгү келишимди түздү.

**1. "ОшМУ" милдеттенет:**

1.1. Жалпы практикалардын түрлөрүн өткөрүүнүн программасын сунуштайт жана күндөлүгү менен камсыздайт;

1.2. Адистештирилген кафедрадан практика жетекчисин дайындайт;

1.3. Мыйзам чегинде каралган, ОшМУнун нормативдик документтерине туура келген тартипте өндүрүштөгү практика жетекчилеринин эмгек акыларын вакансиядагы сааттар аркылуу төлөйт;

1.4. Практиканын көрсөтмө берүүчү жана жыйынтыктоочу конференцияларын өткөрөт.

**2. "Ишкана" милдеттери:**

2.1. Ош МУнун факультет, колледждеринин "котормо жана котормо таануу" адистиктеринин студенттерине практикадан өтүү үчүн календарлык планга ылайык орун 10 берет;

2.2. Студенттер үчүн эмгек коопсуздугу боюнча инструктаж өткөрөт;

2.3. Практиканын программасына ылайык студентти керектүү документация менен таанышуусуна уруксат берет;

2.4. Факультет, колледждер менен илимий усулдук иштерди аткарат;

2.5. Факультет, колледждердин студенттерине өндүрүштүк мекеме ишканалар, ишмердүүлүгү боюнча иш пландары менен тааныштырат жана практикаларын жетектөө үчүн жетиштүү даражадагы адистерди дайындайт;

2.6. Эгерде студент практика мезгилинде акы төлөнүүчү жумуш ордуна кызматка же стажерлукка кабыл алынса, ага ишканада колдонулуучу жалпы эмгек мыйзамдарын, эмгекте коргоонун жана ички эмгек тартибин сактоонун эрежелерин, алар менен белгилүү тартипте таанышкандан кийин колдоно алат;

2.7. Өндүрүштүк практиканын аягында ар бир студентин аткарган жумушунан жана ал даярдаган отчетунун негизинде мүнөздөмө берет.

2.8. Өндүрүш студенттердин практикасынын сапаттуу жүрүшү боюнча сунуш пикирлерин окуу жайга билдирет.

**3. Тараптардын келишимди аткаруудагы жоопкерчилиги:**

3.1. Тараптар КРнын эмгек мыйзамдарынын негизинде практиканы өткөрүү боюнча коюлган милдеттерди аткарууга жоопту;

3.2. Тараптардын ортосундагы келишим боюнча талаштар мыйзам чегинде чечилет;

3.3. Келишим биринчи тараптан "ОшМУ" экинчи тараптан "Ишкана" кол койгондон кийин өз күчүнө кирет;

3.4. Келишим мөөнөтү 2018-жылдын 5-апрелинен 2023 жылга чейин;

3.5. Келишим эки нускада түзүлөт, бири "ОшМУда" экинчиси "Ишканада" сакталат.

Ош мамлекеттик университети
714000 Ош шаары Ленин көч.331
ИНН 02071996100017
ОшМУнун ректору, профессор К.А. Исаков

Тараптардын дареги: Ленин көч. 331
Кыргыз-Европа факультети
203-каана
Алимбаев С.М.